Кырг
09
А-14

МАНАС СЕРИЛЛАРЫ
(СЕМЕТЕЙДЕН)

2333

Майдал

КЫРГЫЗМАМЕАС
1943

9426

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК ТАРИХ, ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ
ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ

Айтуучу: АБДУРАХМАНОВ БАЙЫМБЕТ
(Тоголок молдо).

Кыргг
09
А 143

МАЙДАН
(СЕМЕТЕЙ ЦЕН).

Басмага даярдаган: БЕЙШЕКЕЕВ ЖАЛИЙ

Фрунзе КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ 1942 ж.

Б1

ПРОВЕРЕНО
1947 г.

Гос. публичная библиотека Киргизской ССР
им. Н. Г. Чернышевского

200444

164

Гос. Киргизская ССР
1990
имени В. И. Ленина

КИРИШ СӨЗ

Кыргыз элинин тарихы да, Советтер Союзунун башка элдеринин тарихындай, жат элдерге көз каранды болбос үчүн жүргүзгөн күрөштөрдүн тарихы. Эркиндикти сүйгөн кыргыз эли эчен кандуу майдандарды баштарынан өткөрүп, өздөрүнүн мекенин жандили менен берилип сактап келди.

Элин—мекенин душмандан коргоого көтөрүлгөн кыргыз элинин патриоттук сезимдери элдик чыгармаларда кенен орун алган. Тайманбас күрөштөрдүн шандуу элестери улуу „Манас“ эпосунун трелогиясынан ачык көрүнөт. „Манас“ трелогиясынын башынан аягына чейин эркиндикти, намызды, арды талашкан кандуу салгылашууларды көрөбүз.

Бул үзүндү атактуу эл акыны ордендүү Тоголок молдо (Байымбеттин) айтуусу боюнча эпостун „Семетей“ бөлүмүнөн түзүлдү. Бул үзүндү биздин ата-бабабыздын баатырдык үлгүлөрү менен тааныштырат. Ата мекендик улуу согуштун күндөрүндө окуу-

чуларды кайраттандырып, жана алардын патриоттук духун дагы жогору көтөрөт. Родинабызды коргоого ого бетер шыктандырып, жаштардын баатырдык сезимдерин ашырат.

Бул китеп кыргыз элинин мекени үчүн, эркиндиги үчүн, Семетей баштаган баатырлардын жана ошол кездеги бүткүл кыргыз элинин душманына каршы айыгышкан катуу согушунан турат.

Кытайлардын каны Конурбай аттуу баатыр Семетейдин атасы Манас менен алда канча кагышкан эчен ирет жеңилген болот. Ошол согуштарда Манас оор жарадар болуп, Таласка келип, өлгөндөн кийин, Конурбай кыргыз элин баш көтөргүс авалга келтирүүнү жана кан Манастын уулу Семетейди жетилтпей жок кылууну максат кылып коёт. Ошол максатты орундоо үчүн Конурбай миндеген аскер менен келип Таласты камайт. Тынч жаткан элди кырып, мал-мүлкүн талап кирет. Ошондо кыргыз эли бул кордукка чыдабастан Семетейдин жетеги боюнча басып алуучулукка каршы бүт көтөрүлүшөт. Кандуу майдан бир нече күнгө созулуп, зордукчул Конурбайдын колу (аскери) кыргынга учурап, чегине баштайт. Бул үзүндүнүн кыскача мазмуну ушул.

Фашисттик каракчылар, убадасында турбастан биздин өлкөгө каршы басып алуучулук согушту ачты. Советтер Союзунун элдери гитлерчил жырткычтарга каршы бут көтөрүлүп, фронтто болсун, тылдагы эмгекте болсун аябаган баатырлыкты көрсөтүп жатат.

Ата мекендик улуу согушта биздин шаңдуу Кызыл Армиябыз жана Согуштук Деңиз флотубуз эрдикти, баатырдыкты көрсөтүп немецтик басып алуучуларды эбегейсиз кыргынга учуратып, батышты көздөй чегиндирүүдө.

Басып алуучуларга каршы родина үчүн, эркиндик үчүн болуп жаткан бүгүнкү биздин согуш кыргыз элинин Конурбайга каршы байыркы согушу сыяктуу адилеттүү согуш. Өздөрүнүн Манас, Семетей, Сейтек өңдүү баатырларынын данкы менен шыктанган кыргыз эли, Советтер Союзунун бүтүн элдери менен бирге немецтик оккупанттарды жер бетинен биротала жок кылышат.

Бул кичинекей үзүндү эр жүрөк жаштарыбызды ого бетер канааттандырат, ого бетер душманга каршы кезендирет, ого бетер духтарын көтөрөт деп, ишенебиз.

КОҢУРБАИДЫН ТАЛАСКА ЖАСАГАН ЖҮРҮШҮ

Эсирген калча [1]), элин жыйнап, эсепсиз кыйнап: Үч Бээжинде жан калбасын деп, жардыгымды аңдасын деп, укканым жок деп, таңда күнү танбасын деп, бардык жерине кабар салып, калкын жыйып алып, калкына кеңеш кылып, калың масылаат курду. Найзасын чактап, аскерин чуктап, бадана [2]) соот кийдирип, баатырларын мыктап, мылтыгын октоп, милтесин чоктоп, ою менен сүйлөп, оозу менен оттоп, айбалтасын саптап, аскерин-мыктап, алты ай туруп, алтымыш миң [3]) кошун куруп, Коңурбай Таласты көздөй жөнөмөк болду.

Эр Коңурбай каныңар,
Эркин угуп алыңар.
Сөөлөтү кыйын калдайдын[4]),
Сөзүнө кулак салыңар.
Оёндугу [5]) белгилүү,
Оңой эмес аныңар.
Маңгубанын [6]) баатыры,

Сардалдары дагы бар.
Малча жайып откоргон,
Айбандары дагы бар.
Кошун үчүн быштырган,
Кечилдери дагы бар.
Кебин жандан тартпаган,
Өткүрлөрү дагы бар.
Адамдан чыккан жөө күлүк,
Жорголору дагы бар.
Аярлык [7]) илим окуган,
Молдолору дагы бар.
Жаандын тилин жат билген,
Дорголору дагы бар.
Ат мингенди билбеген,
Жөө кошуну дагы бар.
Келбети башка керк [8]) минген,
Дөө кошуну дагы бар.
Бил мингенден бир канча,
Керк мингенден бир канча.
Эми эр Коңурбай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Аскер келип болдуңар,
Курттай кайнап толдуңар.
Айта турган кебим бар,
Аскерим угар эбиң бар.
Кечээ кайратымдын барында,
Айбатым толук чагымда.
Ушул канкор кулдун атасы,
Кан Манасты жайладым.

Алтайга бурут [9]) келтирбей,
Түркстанга айдадым.
Алып бердим Маңгулга,
Алтай тоонун арасын.
Жайлоосу жакын малга жай,
Жалпы жердин сарасын.
Баатырлыгы башкача,
Түркстанда кыргыздан.
Манастын уулу Семетей,
Кездеше турган чоң душман.
Атадан артык тууптур,
„Атамдын кунун алам" деп,
Кекенип бизге туруптур.
Бул керишип турган жоо койбойт,
Кезенген душман соо койбойт.
Таласын барып чаппасак,
Талап малын албасак.
Семетейди өлтүрүп,
Минтип кумар канбасак.
Деп Коңурбай айтып турганда,
Жардыкты катуу кылганда.
Жайсандын [10]) бары жабылып,
Аттуунун бары камынып.
Чыйтайдын [11]) бары чынданып,
Амбалдын [12]) бары чыйралып.
Бармак болду кеңешип,
Баштан аяк камданып.
Алгарасын чулгутуп,
Туягын жерге мылгытып.

Канжасын тартып кан Коңур,
Түтүнүн көккө бургутуп.
Кызыл байрак туу менен,
Кыйгыйлаган чуу менен.
Алтын айчык туу менен,
Айгайлаган чуу менен.
Мөндү [13])-мөндү-мөндү деп,
Буруттун кези келди деп.
Жабуу [14])-жабуу-жабуу деп,
Канкордун келди кообу деп.
Желегин жерге түрүшүп,
Жерге тартып турушуп,
Катар тартып турушуп,
Очогор [15]) мылтык октошуп.
Отуз, кырктан топтошуп,
Найзаларын таянып,
Калбайбыз деп аянып.
Калың кошун ичкенге,
Качырга жүктөп чай алып.
Аленгир жаа, сыр жебе,
Асынып алып мойнуна.
Түркстанда канкордун,
Киребиз деп ойнуна.
Пилге жүгүн жүктөшүп,
Бирин-бири тиктешип.
Каяша айтар адам жок,
Сүйлөгөндү шүк дешип.
Эшек менен качырдан,
Эсепсиз арбын көп алган.

Жолдо союп жегенге,
Жол азык болот деп алган.
Алтайды баскан жол менен,
Аз эмес арбын мол менен,
Коңурбай келди Таласка,
Алтымыш миң кол менен.
Алдына салып чалгынды,
Тышынан коюп Кайгуулду[16]),
Алыстан кабар табууга,
Аярдан коюп Тоорулду.
Аярдан арбын күткөн кул,
Аңгемеси мына ушул.
Көрүнгөндүн барысын,
Күндө жыйнап жеп келет.
Буруттардын барынын,
Тукумун койбойм деп келет.
Көптүгү калың тумандай,
Кошун болбойт булардай.
Бейли кара кытайдын,
Бетине адам тура албай.
Кээлер качты бириндеп,
Тоо жамынып кырына.
Семетей менен Коңурдун,
Турбайлык деп чырына.
Кезигип калган адамды,
Кармап алат жолунан.
Камчылатып сабатып,
Кайыш алат жонунан.
Адам качып кутулгус,

Кан Коңурдун колунан.
Көптүгүндө чеги жок,
Көрсөтүп айтар эби жок.
Таа [17]) дегенде талкалап,
Ургандан башка кеби жок.
Кыжылдашып чуркурап,
Кыргыз менен иши жок.
Кыжылдаган кытайдын,
Тилин билген киши жок.
Кан Коңурбай калчанын,
Масылаты токтолуп,
Бүтүн какан [18]) калкында,
Баш көтөргөн жок болуп.
„Түн боюнча барыш деп,
Аянбай майдан салыш деп.
Манастын уулу канкорду,
Үйүнөн байлап алыш деп".
Алтымыш миң көп кошун,
Кырабыз деп чоң жоосун.
Камап калды кайнарды,
Камынбай жаткан жайларды.
Жарым түндүн өзүндө,
Эл уктаган кезинде.
Алакандай кайнарды,
Алтымыш миң кол менен,
Камап калды Коңурбай,
Аз эмес арбын мол менен.
Тышка адам чыгарбай,
Ичке адам киргизбей,

Камап калды көп кытай.
Ким экенин билгизбей,
Бет алдырып бастырган,
Бекер адам жүргүзбөй.
Ошол түнү Айчүрөк,
Уктап кетип ойгонуп,
Алда кандай заман деп,
Ойгонгондо ойлонуп.
Эшикке чыгып караса,
Ажап кызык тамаша.
Калдайдан калың кол келип,
Калааны камап алыптыр.
Кан Коңурбай чоң калдай,
Калабаны салыптыр.
Адамдан башка сүрөтү,
Айбалыдай [19]) көрүнду,
Көрөр замат кытай деп,
Чүрөктүн көөнү бөлүнду.
Кайта кирип камынып,
Камка [20]) тонун жамынып.
Кандай заман болот деп,
Жаратканга жалынып.
Алдыңкы кашы кырк алтын,
Арткы кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Бөлөкбай соккон сом темир.
Булгары тердик, көк желдик,
Кой макмалдан [21]) көрпөчө,
Келтирип ээрге бөктөргөн,

Келишими өзгөчө.
Айчүрөк туруп токуду,
Атагы дайын Буурулду,
Алда кандай болот деп,
Заманасы куурулду.
Кол канжыга себилге [22]),
Өткөрмөлүү темирге,
Айбалтаны байлады,
Аны да Чүрөк жайлады,
Кылычын чалып белине,
Соотун [23]) жаап жонуна.
Кереметтүү Айчүрөк,
Келтени кармап колуна.
Тайбуурулду жетелеп,
Оёндугун карматып,
Ойготту барып султанын;
— Коңурбай келбей койбойт—деп,
Ойлонбогон шумпайым,
Уктаба төрөм ойгон—деп,
Душманын келди ойлон деп.
Адамдан түрү башкача,
Айбалыбы, шайтанбы?
Айланайын султаным,
Сага жалган сөзду айтамбы?
Анча-мынча сел эмес,
Адам көргөн эл эмес.
Атынды минип султаным,
Бакайга жетип кабар сал!
Абаң табат акылын,

Аскериңди кошуп ал.
Деп Айчүрөк айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.
Эр Семетей ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Жаратканга жалынды,
Турмак болуп камынды:
— Менин көктөн тилеп жүргөнүм,
Жерден кудай бергенин.
Калбасы көп калдайды,
Ажал айдап келгенин.
Кан Көңүрбай эсинде,
Ыргып турар кезинде,
Чачыкей турду чамынып,
Сайрады сөзүн камынып:
—Уялбай келген долуга,
Уйкуңду арам кыласың,
Уйкуңду бузуп уялбай,
Эмнеге турасың.
Коромжусу көп болду,
Көңүрбай келер ыгы жок,
Эсирип келип жүрбөйбү,
Эр сагынган бети жок.
Көңүрбай келсе тарсылдап,
Топтун үнү чыкпайбы?
Жазайыл [24]) огу жаркырап,
Октун үнү чыкпайбы?
Жер жарылып даңкылдап,
Добулдун үнү чыкпайбы?

Жер кутурткан желмогуз,
Көңүрдүн үнү чыкпайбы?
Ушунча элдин баарынан,
Бир адам муну укпайбы?
Арстаным төрөм турба деп,
Уйкуңду арам кылба—деп,
Чачыкей айтып турганда,
Кайта жылып төшөккө,
Жатып калды эр Семең.
Канчалык кыйын иш түшсө,
Кайгырбаган эр немең.
Ал-аңгыча болбоду,
Таң кашкайып сөгүлдү,
Жылдыз тарап бөлүндү,
Элдин-жердин өлчөөсү,
Көңүрбайга көрүндү.
Камынып турган Көңүрбай,
Калбасы көп чоң калдай,
Добул кагып карсылдап,
Барабан уруп тарсылдап,
Замбирек үнү күпүлдөп,
Жазайыл үнү дүпүлдөп,
Төө мылтык үнү күңкүлдөп,
Шала кулак алты атар,
Очогору эки атар.
Жер жарылып дүңкүлдөп,
Камап калды калааны,
Чаң басты бүтүн талааны.
Кайгайлаган чуу менен,

Карабашыл туу менен.
Каптаган калың сел менен,
Кан Коңурбай шер менен.
Калкан кийген эр менен,
Айгайлаган чуу менен.
Алтын айчык туу менен,
Ааламды баскан сел менен.
Эр Коңурбай шер менен,
Үпчүн [25]) кийген эр менен.
Карабашыл туу менен,
Калкан кийген эр менен.
Желегин жерге урушуп,
Жерге тартып турушуп,
Адамдын башын алыптыр,
Айкырыкты салыптыр.
Чуунун үнүн укканда,
Семетейдин Тайбуурул,
Согушта минип көнгөн ат.
Бугу чылбыр бурмалуу,
Төңөлүгү [26]) куймалуу,
Айтылуу буудан Буурул ат,
Тоңкочуктап түйүлүп,
Айчүрөктүн колунан,
Жулуп алып жөнөдү.
Зая[27] кетти Чүрөктүн,
Кымбат кылган өнөрү.
Айчүрөк калды арманда,
Тайбуурул качып барганда,
Какандын каны. Коңурбай;

— Бурган [28]) биэге берди—деп,
Тайбуурул качып келди—деп,
Азыр канкор үйдө экен,
Ажалдан мурун өлдү—деп,
Кан Коңурбай шаттанып,
Карматып алды Буурулду.
Кабарын угуп Семетей,
Заманасы куурулду.
Калк ичинен жактырып,
Тогуз дөөнү тандатып,
Тогузунун колуна,
Тайбуурулду карматып:
— Бул буруттун аты аяр—деп,
Аярлык бого даяр—деп,
Колундан кокус чыкпасын,
Чыкты деп кулак укпасын.
Он кулач терең ор казып,
Ат баткандай чоң казып,
Орго байлап салыңар,
Эми дөөлөр барыңар.
Тогузуң ордун башында,
Бек кайтарып туруңар.
Тайбуурул үчүн бир кызмат,
Дөөлөрүм жакшы кылыңар.
Деп Тайбуурулду тапшырды,
Тогуз дөөнүн колуна,
Тайбуурулду жетелеп,
Дөөлөр түштү жолуна.
Эми Бакайдан кандай сөз чыгат,

164
ГБ Киргизской ССР
1990
имени В. И. Ленина

Гос. публичная б-ка Киргизской ССР
им. Н. Г. Чернышевского
306444

Байканар сөздүн соңуна.
Эзелден бери Бакайдын,
Иши келген оңуна.
Алтын тоонун этеги,
Үч Кошойдо жатканда,
Жылдыз тарап бөлүнүп,
Таң кашкайып атканда,
Өргө карап жөтөлүп,
Өрдөктөй мойнун көтөрүп,
Кулагына Бакайдын,
Жазайыл үнү угулду,
Чыканактап шылк этип,
Төшөккө кайра жыгылды:
— Каңырыш угуп калдымбы,
Карылык кылып салдымбы,
Жана жаңжал арбыды,
Жандын бары дарбыды.
— Кулагың менен куру—деп,
Ким көрүптүр муну—деп.
Жакыпты шылдың кылчу элем,
Кулакка балаа жеткек бейм.
Карылык келип кулакты,
Кайсаган бойдон кеткен бейм.
Деп туруп киймин кийинип,
Даарат алып жуунуп,
Таң намазын бүт окуп,
Белин бекем буунуп,
Эшикке чыгып караса,
Ажап кызык тамаша:

Семетейдин калаасын,
Кытай курчап калыптыр,
Замбирек атып топ коюп,
Тамашаны салыптыр.
Муну көрүп эр Бакай,
Кабар салды элине,
Казат үчүн жыйнаган,
Кара, төрө бегине.
Калкына буйрук кылган соң,
Бакайдын кирди эбине:
— Башың курган байталман,
Оозум батпайт айтардан.
Семетей жалгыз калганы,
Ургаачы деген шайтандан,
Бул тегин келген кол эмес,
Коңурбайдын колу экен,
Анча-мынча кол эмес,
Эсепсиз арбын мол экен.
Канча күн болду камалып,
Үйүнөн чыкпай калганбейм.
Кабар алган адам жок,
Жалгызды жайлап салганбейм.
Коргон болуп туруучу,
Кошуну жок жанында,
Айланасын курчаган,
Аскери жок жанында,
Чодурайган топ жетим,
Чоросу жок кашында.
Баркылдап кеңеш айтуучу,

Бакайы жок башында.
Катыны жок жан барбы,
Ар кимде бирден зайып бар,
Ушул иштин өзүндө,
Чачыкейде айып бар.
Чачыкей жөндөп турбады,
Айчүрөктү булгады.
Семетей жалгыз калганы,
Ушул иштен ырбады.
Кадимден бери тең өскөн,
Чорону кууду Чачыкей,
Кадырлаш болуп бир турган,
Жорону кууду Чачыкей.
Адам капа болгондой,
Дүмөктү кылды Чачыкей.
Аттап окту түшүргөн,
Чүрөктү кууду Чачыкей.
Аялдан кирген тикенек,
Ырбап жара болуучу,
Ырбаган иш ордуна,
Канткенде кайра конуучу.
Башка сөз бого эп болбойт,
Күлчоро барбай кеп болбойт.
Деп баатыр Бакай жолбаш-
тап,
Жөнөп калды жол менен,
Оёндугун карматып,
Он эки миң кол менен.
Бакай айтып салган соң,

Баянын угуп алган соң,
Күлчоро карап турчубу,
Бакайдан моюн бурчубу.
Жашка толгон Бакайдын,
Жардыгын эки кылчубу.
Келсе Бакай кайнарга,
Балааны калдай баштаптыр.
Таластын суусун агызбай,
Тескери жыгып таштаптыр.
Суу жибербей калаага,
Мүнгүрөтүп алыптыр.
Чабдар аттуу калмакты,
Мурап коюп салыптыр.
Калмакты Күлүс [29]) көргөндө,
Кайратын Күлүс арбытып,
Сымбатын бузуп сурданып,
Сур коёнду каргытып,
Жаалы [30]) ташып өзүнөн,
От чыкты эки көзүнөн.
Эрдигин угуп алыңар,
Эр Күлүстүн сөзүнөн.
Чабдар аттуу куу калмак,
Чалкалап турган кезинде,
Күйүп келген Күлүстөн,
Ар жорук бар эсинде.
Сымбатын бузуп Күлчоро,
Суркоёнду ойнотуп,
Айбалта менен талкалап,
Куу калмакты сойлотуп,

Кайраты ташып сүйүнүп,
Калмактын киймин кийинип,
Жана түшүп атынан,
Чабдар атты миниптир.
„Кан абама барам“ деп,
Калың колго кириптир.
Өзү бала жаш чоро,
Калың жоого барыптыр.
Калмакча сүйлөп алыптыр,
„Семетей бурут кайда „деп,
Айкырыкты салыптыр.
Калың кытай калааны,
Камап турган кези экен.
Семетейди сойсок деп,
Самап турган кези экен.
Сүрүнөн коркуп кире албай,
Не кыларын биле албай,
Жалпы кытай жарданып,
Карап турган кези экен.
Барган заман Күлчоро,
Батынып алды ичине,
Сыпатын бузуп түрлөнүп,
Сыр алдырбай кишиге.
Аңгемени арбытып,
Көп кытайды дарбытып,
Абасына жөнөдү,
Чабдар атты каргытып:
— Бул Семетей буруттун,
Баатырлыгын көрөм—деп,

Кармап келип канкорду,
„Кан Коңурга берем„—деп.
Барса Күлүс төрөгө,
Айчүрөк жок кашында,
Туйгун эр калган кыйылып,
Туулга [31]) жок башында.
Тайбуурул жок колунда,
Чачыкейдин үйүндө.
Учурунда кор болуп,
Учураптыр сонунга.
Аккелтесин таянып,
Аманат жанды аянып,
Жалгыздыктан жабыркап,
Жашып турган кези экен.
Чоролордон айрылып,
Басынып турган кези экен.
Дөөлөтүнөн мээнети,
Ашынып турган кези экен.
Кан Коңурбай төрөңдү,
Качырып турган кези экен.
Оён эр камоо көргөнү,
Он күнгө бүтүн толуптур,
Суу таппай курган туруптур.
Суулар кези болуптур,
Күлүстү көрүп кубанып,
Кубангандан жубанып,
Эрке чоро Күлүстүн,
Эрдигине кубанып,
Айчүрөктүн үйүнө,

Аста басып барышты,
Анҗемени курушуп,
Акыл насаат салышты.
Эми эр Семетей кеп айтат,
Элге-журтка эп айтат:
— Катындын кирип сөзүнө,
Карлык көрдүм деп—айтат.
Алмамбеттин тукуму,
Арстан тууган жан элең.
Түн уругуң Каканга,
Түркүк болгон кан элең.
Өзгөсүн айтып нетейин,
Өзүм баккан бала элең.
Сенин атаң Алмамбет,
Бактысы артык жан эле.
Баатырлыгы Манаска,
Балбандыгы Кошойго,
Бап-барабар бар эле.
Каканчынга кан эле,
Чынмачын [32]) менен Каканды,
Ак жолборстой чамынып,
Арстан Алмам бүлдүргөн.
Абам Бакай айткан сөз,
Кыргызды кыраан күлдүргөн,
Арстан Манас Алманга,
Бүтүн элин билдирген.
Атасы ынак болгон соң,
Баласы салкын болчу эмес.
Салкын жүргөн адамдын,

Эгерде иши оңчу эмес.
Адам душман арапчы [33]),
Катын шайтан карапчы.
Мен катындын тилин алам деп,
Каракчыга алдырдым.
Уктуңбу Күлүс кебимди,
Кечиргин уулум кегинди.
Кызык сонун иш баштап,
Кыла көр эми деминди.
Айчүрөктүн колунан,
Тайбуурулум жоголду.
Мен катындын тилин алган соң,
Кантип ишим оңолду?
Калдай кармап калгандыр,
Катып байлап салгандыр.
Айбандан аяр мал эле,
Ичи толгон армандыр.
Күлчоро кетти дегенде,
Күйүп какшап көп ыйлап,
Күлчородон айрылып,
Кантип турам деп ыйлап,
Кабарчыктап урушуп,
Каныкей кеткен өзүнө.
Канчоросун ээрчитип,
Кайрылбай айткан сөзүмө.
Кайсы бирин айтайын.
Көрүндүң чунак көзүмө.
Минтип Семен токтолду,
Арманы ичтен козголду.

Ал-аңгыча күн батты,
Арстан Күлүс турчубу,
Аңгемени баштады.
Арстандыгын карматып,
Акылынан шашпады.
Аста басып шыпылдап,
Алгыр куштай зыпылдап,
„Тайбуурулду тапсам“ деп,
„Талабыма жетсем“ деп,
Эл уктаган кезинде,
Эр Семетей эсинде,
Кабылан Күлүс оёндун,
Кайраты мол өзүндө.
Бир ордон каргып өткөндө,
Бир дөөгө келип жолукту.
Астында минген аты жок,
Жөөгө келип жолукту.
Чочуп кетип жаткан дөө,
Кучактап алды Күлүстү.
„Сен кайдан жүргөн жансың“ деп,
Сүйлөшүп сөзгө киришти.
Күлчоро сөзүн танабы,
Айткан шерттен жанабы:
— Атамдын аты Алмамбет,
Күлчоро деген баатырмын.
Кезиккенин соо койбой,
Баарын кырып жатырмын.
Самап чыккан жумушум,
Абамдын минген аты жок.

Күлчоро келди бу жерге,
Аттан башка дарты жок.
Көпчүлүктүн ичинде,
Көргөн билген киши жок,
Күлчоронун бул жерде,
Аттан башка иши жок.
Сенин айбатың артык көрүнөт,
Адамсыңбы, дөөсүңбү?
Өзгөсүн айтып нетейин,
„Өз башыңа ээсиңби“?
Деп Күлчоро айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Анысы туруп сөз айтты,
Арманын артык эми айтты:
— Мен Актачыбайдын Адуусу,
Аган болом—деп айтты.
Барымтага кармалып,
Байланып кеткен башыбыз,
Эмгек кылып курган жан,
Элүүгө чыкты жашыбыз.
Актачыбайдын баласы,
Адуусу деген мен элем.
Ушул атбай туугандын,
Кай уулунан кем элем.
Жети жашар кезимде,
Жетим калдым атадан,
Тобум кыргыз уругум,
Түптүү кыргыз катаган,
Актачы өзү бай эле,

Төрт түлүк малы шай эле.
Кан Кошойго кадырман,
Кадыр тапкан жан эле.
Кошой менен чамалаш,
Жашка толгон кары эле.
Жеркенди жердеп турчу эле,
Малына кубат кылчу эле.
Жыл маалында бир барып,
Кошойго салам кылчу эле.
Мындан башка иши жок,
Ай деп койгон киши жок.
Актачы байдын ал кезде,
Киши кирер түшү жок.
Коргону Кошой дөө болуп,
Көп малга өзү ээ болуп,
Актачы малга кутуруп,
Самап калды көчөм —деп,
Келпинди[34]) көздөй жутунуп,
Актачы байга кудурет,
Келпинде балаа келтирди.
Жер ченеп жүргөн Бозкертик,
Актачыны өлтүрдү.
Талап алды көп малын,
Койгон жок тирүү бир жанын.
Жети жашар кезимде,
Баарысы турат эсимде.
„Бул Алмамбеттин куну—деп,
Бозкертиктин кулу“ деп,
Токшигердин Бозкертик,

„Кул кылып алам муну“ деп,
Алмамбеттин ордуна,
Алып кеткен өзүмдү.
Айланайын Күлчоро,
Абыдан уккун сөзүмдү.
Арстан эрдин баласы,
Эми көрдүм көзүндү.
Мен кыргыздан азгалы,
Адуучуга кеп болду,
Арманымды бир катар,
Айта турган кеп болду.
Тайбуурул болсо байлалуу,
Казган ордун кашында,
Тайбуурулду Адуучу,
Багып жатам башында,
Менден башка сегиз дөө,
Мени менен тогуз деп,
Сегизи бүтүн кытайдан,
Баарысы кытай доңуз деп.
Сегизин жайлап салалы,
Тайбуурулду алалы.
Атынды таап келдик, деп,
Семетейге баралы.
Айланайын Күлчоро,
Башка сөздү кой—деди,
Сербейген сегиз кытайдын,
Бирин коёбой сой—деди.
Адуучу айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.

Адуучуга жубанып,
Айтканына ынанып,
Балдагы алтын ак албарс,
Кармай алып сабынан,
Сумбаты башка чунагын,
Сууруп алды кабынан.
Сегиз дөөнү кыйратты,
Башын кесип туйлатты,
Казып койгон орунан,
Калдайдын жайган торунан.
Тайбуурулду жетелеп,
Алып чыкты Күлүсүн.
Адам айран калгандай,
Күлчоронун жүрүшүн,
Адуучуну ээрчитип,
Тайбуурулду жетелеп,
Таңдын эре середе,
Жетип барды төрөгө.
Барса төрө уктабай,
Жантайып жерге ныктабай,
Чырым уйку албастан,
Чыканак жерге салбастан,
Кара жаны кашайып,
Карап турган кези экен.
„Кандай заман болот“ деп,
Самап турган кези экен.
Күлчорону көргөндө,
Күлкүсү чыкты султандын.
Баатыр Манас баласы,

Бала төрө шумпайдын.
Эми Күлчоро туруп кеп айтат,
Абасына деп айтат:
—Өзүм көргөн жан эмес,
Уругу кыргыз катаган,
Жаш кезинде айрылып,
Жетим калган атадан.
Актачы байдын уулу экен,
Адуучу деген бул экен.
Токшигердин баласы,
Бозкертиктин кулу экен.
Зар болуп кыргыз четине,
Жетсем деп жүргөн кези экен.
Кабагы бийик, өңү саз,
Кара чаар шер экен.
Алмамбеттин ордуна,
Барымта болуп кетиптир,
Эл четине темселеп,
Эрдигинен жетиптир.
Алып келдим абаңды,
Бул кызматым жаманбы.
Кытайды алып келдиң—деп,
Кырсыгына каламбы.
Адуучу өзү кыргыздан,
Ишенип келдим ушундан.
Бозкертикке кул болуп,
Качып келди кысымдан.
Деп Күлчоро айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.

Семетей турду мактанып,
Тайбуурулга шаттанып.
Адуучу менен Күлүскө,
Айтты сөзүн актанып:
Кажылдаган кытайдан,
Качпаймын деп сактанып.
—Тилекти кудай берди—деп,
Тиктеген кишим келди—деп,
Санаамды кудай берди—деп,
Самаган кишим келди—деп.
Абам Кошой карыя,
Агамдан калган эр болсо,
Кудайдын мага бергени,
Кеткеним келип эл болсо.
Деп Адуучусун урматтап,
Аккелтесин дүрмөттөп,
Айкырыкты салыптыр,
Арстан эр чыгып калыптыр.
Аккелте үнү чыңырып,
Тоо көчкөндөй жаңырып,
Кожосанга[35]) кой айтып,
Короосу менен мол айтып.
Ай туяктан бээ айтып,
Айры өркөчтөн төө айтып,
Пил баштаган нар айтып,
Тартынбастан шар айтып:
—Кызыр[36] бабам кырк чилтен[37],
Кайып эрлер колдо—деп,
Кайыптары атамдын,

Колдогун ушу жолдо—деп.
Колдогонум бир кудай,
Кол бергеним Айкожо,
Жөлөгөнүм бир кудай,
Жол бергеним Айкожо".
Деп ач кыйкырык, чоң сүрөөн,
Айкырыкты салышты.
Арстан эрлер майданга,
Аянбай кирип калышты.
Карыя Бакай башында,
Кандары бар кашында,
Кошуну арбын өзүндө,
Байкап турган кезинде.
Семендин үнүн укканда,
Манастап ураан чыккканда.
Бакайда кирди жаңырып,
Кандары менен камынып.
Качырып кирди майданга,
Калың кошун жабылып.
Кошунга кошун кошулуп,
Чаң асманга созулуп,
Замбирек атып топ коюп,
Жазайылга от коюп,
Кечээ баатыр Манас тушунда,
Баркын билип ушунда.
Барандан[38]) алган замбирек,
Баянын айтып не керек.
Замбиректи жаткырып,
Адистерге аттырып.

Баатыр Бакай карыя,
Акыны терең дария.
Атпай[39]) журтка уктурган,
Бардыгын айтып жарыя:
—Менин самаган ишим казат—деп,
Казат кумар жазат—деп,
Казатта шейит болгон жан,
Акыретте азат—деп.
Кара жан шейит болгон соң,
Кандай пенде качат, деп,
Кыргыз, кытай беттешип,
Ичинде кегин кектешип,
Катуу согуш салышты,
Бирида качпай четтешип.
Калкан кийген эр менен,
Калың кошун сел менен,
Айгайлаган чуу менен.
Үпчүн кийген эр менен,
Үйөр жүргөн сел менен,
Туу түбүндө турушуп,
Тулпар минип урушуп,
Азаматтар турбастан,
Аянбай кармаш кылышып,
Чочмоор менен чабышып,
Чокудан канды агызып,
Айбалта менен салышып,
Сабы колдо калышып.
Кылыч менен чабышып,
Кыны колдо калышып.

Жарак колдон кеткенде,
Жакасынан алышып.
Буттан торой чалышып,
Чалкасынан салышып.
Аянбаган эрлер көп,
Казат үчүн карышып.
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай,
Кытай, кыргыз беттешип,
Бирде бири жазганбай.
Аянбай салды согушту,
Оёндор жүрөт оолугуп,
Темирден найза мылгытып,
Тебетейдей ыргытып.
Ортосунда эр Семен,
Оюп жүрөт кыйратып.
Бадана кийген оёнду,
Башын кесип туйлатып.
Чаң тополоң болушуп,
Найза жеген солушуп,
Кыямат кайын болушуп.
Кылыч жеген солушуп,
Элге жабыр кеп болду,
Эндиреп жүргөн көп болду,
Калкка жабыр кеп болду,
Кансырап жаткан көп болду.
Эки күнү—эки түн,
Согуш болду бүпбүтүн.
Таластын бети чаң болду,

Таршып аккан кан болду.
Кылыч тийген андан көп,
Кынтайып жаткан сандан көп.
Айбалта тийген андан көп,
Алсырап жаткан сандан көп.
Кан токтобой шыркырап,
Кансырап жаткан андан көп.
Жүрөк түшүп корккондон,
Алсырап жаткан андан көп.
Кырынан түшүп эндиреп,
Кулап жаткан андан көп.
Кызыл-ала кан болуп,
Сулап жаткан сандан көп.
Топурак учуп чаң басып,
Тоо көрүнбөйт адамга,
Кимиси душман кимиси эл,
Жоо көрүнбөйт адамга.
Кыя тартып кыргыздан,
Качкан бенде жок болду.
Манасты самап калың журт,
Баатырлыгы козголду.
Кордук көргөн Конурбай,
Кол эсебин ала албай,
Берендерге бет алып,
Конурбай калча бара албай.
Кытайдан өлгөн чени жок,
Эсепке алар эби жок.
Кытайлардан өлгөндөр;
Атактуусу Ботола,

Айтылуусу Бозкертик.
Аяр баатыр Карагул,
Аңгемеси мына бул.
Эзелден өжөр Алакул,
Кыргыздан өлгөн Жамгырчы,
Эрдигин Эштек даң кылчу.
Кара аламан кошундан,
Аныктап эсеп ала элек,
Баатырлардын баары аман,
Башкарып эсеп кыла элек.
Кошунун койдой кырдырып,
Конурбай качты тура албай.
Дөөкүрсүнгөн чоң калдай,
Не кыларын биле албай.
Он төрт күнү согушуп,
Он бешинчи күнүндө,
Качып калды Конурбай.
Жайсаңдын көбүн жайлатып,
Жааннамга айдатып,
Амбалдын көбүн өлтүрүп,
Башына балаа келтирип,
Кытайдын көбүн чыңыртып,
Каршы-терши жыгылтып,
Доотайдын [40]) көбүн сулатып,
Кечилдин баарын кыйратып.
Адаа кылып доргосун [41]),
Атактуу тилмеч жоргосун.
Уяты жок Конурбай,
Качып калды тура албай.

Каканчындын чегине,
Өлгөнү ченсиз көп болуп,
Өз караштуу жерине.
Эми эр Семетей султандын,
Кулак салгын кебине.
Бажырайып эр Бакай,
Карысы бар башында,
Айтылуу баатыр оёндун,
Баарысы бар кашында.
Бадана соот кыналып,
Баатырдын баары чыналып,
Үрбү чечен чартылдап,
Аскерин айдап шартылдап.
Кандын уулу Жүгөрү,
Мангыттардын Байышы,
Эр Ажыбай, Түмөнбай,
Кан Акундун балдары.
Жабылышып киргенде,
Душмандын чыкты далдалы.
Тажиктен баатыр Баргы бар,
Канчоросу кашында,
Күлчоросу башында,
Манастын уулу Семетей,
Көп кошундун астында.
Калың колун калдайдын,
Кууп калды соңунан.
Кенебеген эр Семен,
Келер деп ишим оңунан,
Кегетинин оюнда,

Кербен жолдун боюнда.
Согуш болду кан аккан,
Кып-кызыл кан шар аккан.
Эр Семетей ошондо,
Пилди минбей, керк минген,
Дөөнүн баарын кыйратты.
Айдалып келген аты жок,
Жөөнүн баарын кыйратты.
Кырып жатса бир четин,
Бир чети кайнап көп келет.
Бака менен жыланды,
Бачыратып жеп келет.
Түп Бээжиндин өзүнөн,
Түрүлүп келген көп кытай,
Алдына салып жөө айдап,
Сүрүлүп келген көп кытай,
Айбан малча зор менен,
Айдалып келген көп кытай.
Аркан жипсиз кошунга,
Байланып келген көп кытай.
Өз жеринен өлүмгө,
Шайланып келген көп кытай.
Капкалуу Бээжин шаарынан,
Кең кытайдын баарынан,
Манжурия, Алтайдан,
Айдалып келген кап-кайдан.
Келеринде Коңурбай,
Келтирип жардык кеп айтат:
„Каканчында жан калбай,

Келе берсин“ деп айткан.
Коңурбайдын жардыгын,
Эсенкан [42]) эки кылбастан,
Кытайдын бүтүн кошунун,
Айдап жатат тынбастан.
Эсеби жок көп кошун,
Келип жатат бир баштан.
Күндөп-түндөп турбастан,
Кийинки келген кошуну,
Кыйын болду жосуну.
Малакай бөркүн колго алып,
Басып жүрөт көп кытай.
Суурдун ийнин суу бойлоп,
Казып жүрөт көп кытай.
Тебетейин колго алып,
Тентип жүрөт көп кытай.
Өзөнгө батпай кылкылдап,
Өрүп жүрөт көп кытай.
Жерге жандар койбостон,
Терип жүрөт көп кытай.
Коңурбай анда дем алып,
Анча-мынча сеп алып,
Кайтадан калдай чыңалып,
Какандап ураан чакырып,
Жана кирди майданга.
Койбоймун деп айдамга,
Каканчындан калың кол,
Дөөлөр келди чыйралып,
Кара жаны кашайып,

Жөөлөр келди ыргалып.
Азабы аштан каткандан,
Алыс жолго кыйналып.
Мактанып турду Коңурбай,
Калсын деп кыргыз кыйралып.
Ушу келген көп кошун,
Аз эмес арбын мол экен.
Берекелүү калың журт,
Беш жүз миң арбын кол экен.
Ошол колдун башчысы,
Маңгүбөдө [43]) туулган,
Башынан салган чуулган.
Кадимден жеген тамагы,
Кашкулак менен суурдан,
Чабалдай деген бир баатыр,
Матышкердин уулу экен.
Атасынын кунун кууп,
Арзып келген кул экен.
Ат көтөрүп жүрө албай,
Минип келди Керкине,
Адам айран—калгандай.
Бой келбети көркүнө,
Манастын уулу төрөнү,
Койбоймун деп эркине.
Бир далай адам баткандай,
Башындагы бөркүнө.
Матышкер экен атасы,
Чабалдай экен өз аты,
Матышкерге бала экен,

Маңгүбөгө кан экен.
Атасынын кунун кууп,
Арзып келген жан экен.
Келген заман турбастан,
Башка сөзду урбастан;
—Семетей бурут келсин—деп,
Эр болсо мени жеңсин—деп.
Жеңе албаса Семетей,
Атамдын кунун берсин—деп.
Аяна турган ишим жок,
Атамды Манас өлтүргөн,
Жашымда жетим калтырып,
Жаныма жабыр келтирген.
Керкин минип Чабалдай,
Майданга кирип бакырды.
„Баатыр болсоң келгин“ деп,
Баатырларды чакырды.
Чочмоор менен бир салып,
Тозоңду тоодой сапырды.
Бүтүн дүйнө жүзүнөн,
Ким көргөн мындай баатырды?
Калың кыргыз калкына,
Салам деп заман акырды.
Ыраңы жандан башкача,
Көрдөн чыга калгандай,
Көргөн адам таң калат,
Көмүктөн ачып алгандай.
Кабагы бийик, өңү саз,
Эрибеген кара таш.

Көзү ачкан ороодой,
Кирпиктери шородой.
Астыңкы эрди алпайып,
Үстүңкү эрди далдайып,
Оозу үңкүр коргондой,
Жан бүткөндү соргондой.
Саадак, кылыч жарагын,
Асып алган мойнуна,
„Семетей бурут келгин“ деп,
Чочмоорун алып колуна.
„Манастын уулу келгин“ деп,
Тозуп турду жолуна.
Каргашалуу капырдын,
Калың болду калбасы.
Жети карыш казандай,
Жезден кылган канжасы.
Куржун оозу тамеки,
Канжасына уруптур.
Коркуратып Чагалдай,
Канжасын тартып туруптур.
Муну көрүп кыргызга,
Калкка кайгы кеп болду.
Экиден-үчтөн сүйлөшүп,
Элдин муңу көп болду.
„Жалпыга жабыр келетбейм,
Жандын баары өлөтбейм.
Жалпы кыргыз тукуму,
Көргүлүктү көрөтбейм.
Бул адамдан тууган бала эмес,

Аяп койчу жан эмес.
Бул кытайдан тууган бала эмес,
Кылымга өлчөр жан эмес.
Пери бекен, жин бекен,
Көрбөгөн журттун баласы?
Калың журттуу, капырдан,
Кандай болот чарасы"?
Деп узун-узак кеп болду,
Убайым элде көп болду.
Эми Бакайдан насаат кеп болду,
Баары журтка эп болду:
— Ушу турган карынар,
Улуу, кичүү баарынар,
Берендердин баарысы,
Менин тилим алынар.
Бул жекеге чыккан баатырды,
Найзага илип кетүүчү,
Күрөшкө чыккан балбанды,
Жерге таптап өтүүчү.
Эңишке чыккан баатырды,
Колун үзүп алуучу.
Кордукту мындай салуучу,
Кол салышкан далай жан,
Комуттуу болуп калуучу.
Жоонун башын алганга,
Мылтыктан мыкты жарак жок,
Атбай журту бүтүн келиңер,
Башканы айтып не керек.
Барандан алган замбирек,

Арстаным Манас өлгөнү,
Атпаганы көп болду.
Атасы тапкан мүлк эле,
Замбирекке эп болду.
Кереги тийип калар деп,
Мергенден бешти үйрөтүп,
Арабага салдырып,
Атан пилге сүйрөтүп,
Алып келди ушунда.
Мергенден бешөө башында,
Желдеттен [44] жетөө жанында,
Кыркы менен кырылган,
Кызыл кум менен жышылган.
Бул калабалуу капырдын,
Ажалы балдар ушундан.
Бакайын айткан кеппи деп,
Балдарым сага эппи деп?
Бакай айтып турганда,
Ушул сөздү урганда,
Баркын билген эр Үрбү,
Эр Бакайга жалынды.
Бакай, Үрбү чартылдап,
Замбирекке камынды.
Замбиректи атууга,
Жалпы мерген жабылды.
Кыркы менен кырдырып,
Кызыл кум менен жыштырып,
Алтын чынар терекке,
Аркан менен чырматып,

Арстан Бакай баатырын
Аңгемесин ырбатып.
Чаначтап дары салдырып,
Чабалдайга сундуруп,
Куржун көзү дарыны,
Кулагына куйдуруп.
Найза менен от берди,
Адистер туруп алыстан,
От койгондо күп этип,
Жер чайкалып дүп этип,
Терек сынып кыйрады,
Кермеде аттар түйлады.
Келберсип жаткан коркоктор,
Кейиш тартып ыйлады.
Жер чайпалып басылды,
Туман түшүп ачылды.
Ачылса туман караса,
Ажап кызык тамаша:
Келберсиген Чагалдай,
Керки менен өлүптүр,
Падыша Бакай башында,
Баатыр Үрбү кашында.
Замбиректи түзөтүп,
Аңгемени күчөтүп.
Жана атты сундуруп,
Жан кулакты тундуруп.
От койгондо күңгүрөп,
Жер солкулдап дүңгүрөп.
Кемпир-чалдар үлдүрөп,

Төө боздоду бакырып,
Тооктор беймаал чакырып,
Уй мөөрөдү өңгүрөп.
Жандын баары эндиреп,
Катын, бала буркурап,
Иттер улуп чуркурап.
Туман түшүп түн болду,
Түйшүгү көп күн болду.
Эт жүрөгү козголуп,
Эндиреп жаткан көп болду.
Эсин жыйып ала албай,
Зеңгиреп жаткан көп болду.
Кылымда мындай иш болбойт,
Кырылган кытай көп болду.
Акыр заман журтуна,
Айтылып калчу кеп болду.
„Замбирегин буруттар,
Жандырып жана коёт деп,
Жалгыз адам калтырбай,
Жандын баарын соёт“, деп,
Кошунун койдой кырдырып,
Коңурбай чыдап тура албай,
Качып калды чоң калдай,
Не кыларын биле албай.
Качкан жоону сүрүлтүп,
Кара жандан түңүлтүп,
Калган жоону кыйратып,
Какандын элин суйлатып,
Бүтүрбөй ишин бүлдүрп,

Кыргыздарды күлдүрүп,
Тыгы болот сыр найза,
Баатырлардын колунда,
Учан деңиз кыргыздар,
Учурады сонунга.
Элким чыккан эрдикке,
Ээ болгондор шердикке.
Алмаңдын уулу Күлчоро,
Камбардын уулу Канчоро,
Кертөштүн уулу Мусапыр,
Калкамандын Чынасыл,
Калдардын уулу Мурадыл.
Бакайдын уулу Бектурсун,
Жайнактын уулу Жашайдар.
Семетейдин чоросу,
Жанына күйчү жоросу.
Анын арка жатынан,
Аянбаган абыдан,
Маңгыттардын Байышы,
Төштүктүн уулу Жоломан,
Согуш салды аламан.
Буларда карап турган жок,
Чебер-чендүү кырган жок.
Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Түгөлдүн уулу Ажыбай,
Буларда далай союптур,
Сойгондун көзүн оюптур.
Башын кесип бир жерге,
Дөбө кылып коюптур.

Баатыр кыргыз балдары,
Максатына жетиптир.
Баш дөбө деп бир жерге,
Атак коюп кетиптир.
Кытайдан өлгөн эсеп жок.
Эсепке алар кезек жок,
Эр жамгырчы баш болуп,
Кыргыздардан өлгөнү,
Эки миң киши өлүптүр.
Эл жыйналып эрлерди,
Кызыл-ала боюнча,
Кийими менен көмүптүр.
Эми качкан жоонун артынан,
Калың кошун жүрүптүр.
Сары өзөн Чүйдөн кытайды,
Текеске чейин сүрүптүр.
Баатырсынган дөөлөрдү,
Баспай жүргөн жөөлөрдү,
Текеске чейин кырышып,
Кыйла кыргын кылышып,
Айбалта канга бат болуп,
Кылыч канга дат болуп,
Аярдан чочуп сак болуп,
Кабылан эрлер камынып,
Өз боюна чак болуп,
Барды Текес жерине.
Кара калмак элине,
Кытай менен кыргыздын,
Кан төгүлчүү жерине.

Барынар кулак салынар,
Баатырлардын кебине.
Үч күн жатты Коңурбай,
Жанын багып бекинип,
Жалпы журтун чогултуп,
Жайын айтып шекинип.
Эми эр Коңурбай кеп айтат,
Элине жардык бек айтат:
„Бул канкор кулду сойбосок,
Канткенде тындык—деп айтат.
Мунун уялбай айткан кеби бар,
Уруша турган эби бар.
Атасын сойгон өз колум,
Ала албай жүргөн кеги бар.
Аңгемесин көрөлүк,
Ажал жетсе өлөлүк.
Зордугуна канкордун,
Өлгөндөн кийин көнөлүк".
Деп жана кошун жаңыртып,
Айдап чыкты жабылтып.
Чилмерденин [45]) согушуп,
Чындап майдан болушуп,
Желекти жерге урушуп,
Жекеге баатыр чыгышып,
Берендердин баарысы,
Жерге тартып турушуп.
Айгайды арбын салышып,
Аянбастан барышып.
Кытайдан чыкты керк минип,

Арбалдай деген баатыры.
Чаңырган үнү басылбайт,
Чабалдайдын жакыны.
„Чабалдай кайда агам—деп,
Агамдын кунун алам—деп,
Ушу бүгүн бурутка,
Караңгы түнду салам" деп.
Барып турду жекеге,
Керкин минип бакырып,
„Ажалы жеткен буруттар,
Жекеге кел" деп, чакырып:
—Кыргыздан бириң келгин—деп,
Келген кыргыз өлдүң деп.
Кытайдан бул сөз чыкканда,
Кылым кыргыз укканда,
Катагандын сарасы,
Кан Кошойдун баласы.
Чагатай чыкты чамынып,
Жоо-жарагын камынып:
—Менин атам эр Кошой,
Атак алган башында,
Азар түмөн кол баштап,
Аттанып чыккан жанында.
Намыз менен мөрөйдү,
Атышып алган кытайдан,
Кызыл канга чөмүлүп,
Батышып алган кытайдан.
Билерик деген баласын,
Сууруп алган кытайдан,

Казатка кирип кан төгүп,
Кууруп алган кытайдан.
Айкожодон бата алган,
Кан Кошой деп аталган,
Кан Кошойдой кыргыздан,
Баатыр деп кими аталган?
Байланып калган базардын,
Багын ачкан эр Кошой,
Бекип жаткан Бээжиндин,
Эшигин ачкан эр Кошой.
Кара чоктуу калмакты,
Кармап жүргөн эр Кошой.
Калың журтка эрдигин,
Жардап жүргөн эр Кошой.
Кызыл чоктуу кытайды,
Кыйратып жүргөн эр Кошой.
Кыз-катынын олжолоп,
Ыйлатып жүргөн эр Кошой.
Кары-жашың турасын,
Кандай кеңеш кыласың?
Калк эскирткен карыңар,
Сөзгө кулак салыңар?
Кан Кошойдун кабарын,
Уккансыңар баарыңар.
Бул кытайга бел байлап,
Түшкөнүм сонун эмеспи?
Ата-бабам баш күндөн,
Алган жолум эмеспи?
Деп эр Чагатай камынып,

Жаратканга жалынып,
Калканын колго каптатып,
Чарайна [46]) төшкө чаптатып,
Ат жакшысын тандашып,
Тайбуурулду мингизип,
Тон жакасын тандашып,
Бадана соот кийгизип,
Аттанып чыкты Чагатай,
Баркын элге билгизип.
Арбалдай турат какайып,
Керикин минип чакайып.
Манастан калган сыр найза,
Тийген жери чыр найза.
Унгусу болот, учу курч,
Учуна тарткан кара курч,
Болжолу жок сыр найза,
Болотту тешкен чыр найза.
Эр Чагатай имерип,
Айтылуу буурул идерип,
„Минген керк—төө деди,
Төө минген адам жөө“ деди.
Тайбуурулга камчы уруп,
Табарсыктын тушу деп,
Бул калабалуу кытайдын,
Таяр жери ушу деп.
Таамай сайып капшырды,
Жааннамга тапшырды.
Кан куюлду шыркырап,
Кара жан кетти чыркырап.

Манастап ураан чакырып,
Бакырбаган кыргыз жок,
Баатыр Манас арбагын,
Чакырбаган кыргыз жок.
Эми Чагатай туруп кеп айтат,
Чамынып сөзду бек айтат:
—Мен Кошойдун уулу Чагатай,
Комутта өлбөй эриң кел,
Кармаган жерден каң чыккан,
Кабылан жолборс шериң кел.
Ардансаң кытай баарың кел,
Айтылуу калдай каныңкел!
Бириң келбей көбүң кел,
Кан Коңурбай лөгүң кел!
Келгениңди жайлаймын,
Жааннамга айдаймын.
Катагандын эр Кошой,
Атам жоодон кайтпаган,
Баатыр Манас кабылан,
Агам жоодон кайтпаган.
Берендиги кармаган,
Беттешкенди жайлаган.
Кан ичмеси кармаган,
Кармашканды жайлаган.
Ажалы жеткен келсин деп,
Аңгемемди көрсүн, деп,
Чагатай айтып турганда,
Ушул сөзду урганда,
Кытайдан чыкты Келеңкер,

Буранадай бою бар,
Балдактуу кула ат минип,
Бадана соот тон кийип,
Найзасын жерге таянып,
Калбаймын деп аянып,
Чагатай турган шаңданып,
Жоо жарагын камданып.
Калктын баары эрлерди,
Карап турду таңданып.
Эки баатыр сайышып,
Болот найза майышып,
Карап турган калың журт,
Башка-көзгө сайышып,
Майып болуп калат деп,
Кабыргасы кайышып,
Найза менен жеңе албай,
Бирин бири эңе албай,
Айбалтасын алышып,
Аянбай башка салышып,
Кара жанга күч келип,
Калкан тозо калышып,
Калкандан кызыл чок чыгып,
Шыркыраган от чыгып.
Жан аябай барышып,
Жана найза салышып.
Эки баатыр беттешип,
Тартынбастан четтешип.
Каары келип Чагатай,
Тоо текедей түйүлүп,

Сыр найзаны мылгытты,
Тегеретип кытайды,
Тебетейдей ыргытты.
Келеңкерди жайлады,
Жааннамга айдады.
Анын арка жагынан,
Майдан болуп абыдан,
Аял кылып турбастан.
Аттын башын бурбастан,
Калбаймын деп катардан,
Бирчи чыкты какандан,
Бирчи келди камынып,
Нар буурадай чамынып,
Эки жолборс сайышып,
Эрегиш менен кез болуп,
Кытай, кыргыз эрлерге,
Карап турду нес болуп.
Топонун тоодой үйүшүп,
Тоону көздөй сүрүшүп,
Алчыланып Чагатай,
Тайбуурулга камчы уруп,
Оёндугун карматып,
Оңдоп-солдоп камчы уруп.
Такыр колтук ушу деп,
Өпкө-боор тушу деп,
Кызыталак кытайдын,
Өлөр жери ушу деп.
Сыпаты башка Чагатай,
Тепчий сайып өпкөгө,

Тебетейдей ыргытты.
Бирчи кытай сулады,
Оозунан түтүн бурады.
Жекеден пайда көргөн жок,
Желиккен калдай турабы,
Асаба желек аштады,
Ангемени баштады.
Жаны күйгөн Коңурбай,
Чабуулду коюп таштады.
Камынып турган Семетей;
— Калдай сөзүн танды—деп,
Кубалашып жүргөнчө,
Кудай берип салды—деп,
Алдырсак, алсак ашкере,
Майдан жакшы эмеспи!
Баатырлар чыгат кумардан,
Сайран жакшы эмеспи?
Аксакалдар келиңер,
Аңгемени көрүңөр.
Майдан болду ашкере,
Батаны мыктап беріңер.
Азамат жигит, күлүк ат,
Пайдасы тиер күн болду.
Акылы толук карынын,
Айласы тиер күн болду.
Чагатайды баш кылып,
Жалпы жаштар чыгыңар.
Азаматтар барыңар,
Жардык айтам угуңар.

Абам Бакай баш болуп,
Аксакалдын баарысы,
Тамаша көрүп турунар.
Чоролор кайда камын деп,
Казатка кирер чагың деп.
Өлгөнүбүз шейит деп,
Шейитте жок кейиш деп.
Шейит болуп өлгөнгө,
Шексиз болот бейиш деп.
Ажал жеткен өлүш деп,
Ак жазганын көрүш деп.
Азамат жигит майданда,
Барган жоону жеңиш деп.
Баатыр болуп мактанып.
Пайда таап келиш деп.
Кабылан Семең турбастан,
Каргып минди буурулду,
Калың кытай калкынын,
Заманасы куурулду.
Коңурбай менен согушуп,
Кошун токтоп жаткан жер,
Кытайды кырып кыйратып,
Кызыл канга баткан жер.
Ботонун тармал сазында,
Каркыранын башында,
Калың жыйын жаткан жер.
Кан Көкөтөй ашында,
Кызык майдан болушту.
Кытай кыргыз согушту,

Сарбандын уулу эр Үрбү,
Баштаймын деп чоң үлгү.
Кошуну даяр колунда,
Буда кирди бир беттен,
Аңгемени арбытып,
Атышып кирди бир четтен.
Кандын уулу Жүгөрү,
Камынып турган бир беттен.
Калың кошун самсытып,
Качырып кирди бир четтен.
Алтынкөкүл, Керкөкүл,
Аянбаган эр Көкүл,
Аземдүү шыңга кол менен,
Аз эмес, арбын мол менен,
Буда кирди бир беттен,
Бүлдүрүп кирди бир четтен.
Жан аябас баатырлар,
Жапырып кирди бир четтен.
Канчоросу кайраттуу,
Күлчоросу кабылан,
Ажыдардан айбаттуу.
Аңгеме көп ишинде,
Адуучу бар ичинде.
Баатыр Семең башында,
Ак сакал Бакай алдында.
Кошуну менен бөлүнүп.
Көзгө сүрдүү көрүнүп,
Оёндоруң бет алып,
Оюп кирди ортону.

Өзү баатыр болгон соң
Баатырлар жоодон коркобу?
Чаң тополоң болушуп,
Чаңдап кытай солушуп.
Өлүп калды десин деп,
Өлүк менен аралаш,
Сулап жатат курушуп.
Отого, [47]) диңсе [48]) сайынган,
Оёндун баары кыйрады.
Таш тагынган, дайындуу
Жайсаңдын баары кырылды.
Сокудай сүйрү телпейген,
Баштуунун баары кыйрады.
Аркасына өрдүргөн,
Чачтуунун баары кыйрады.
Кара күрмө жеңи жок,
Калдайы бар беги жок,
Калбасы көп кытайдан,
Канча жан өлдү чени жок.
Атка минсе эби жок,
Адам угар кеби жок,
Суктанып келген кытайлар,
Сулап жатат чени жок.
Өтүгүндө така жок,
Чапанында жака жок.
Чалкасынан дардайып,
Кулап жатат эсеп жок.
Жөө кытайдын баары жок,
Мунун баарын текшерип,

Эсепке алар кезек жок.
Эр Конурбай, Нескара;
— Буркан бизди урду—деп,
Кесепеттүү Семетей,
Кыйла кыргын кылды—деп.
Кызыталак Семетей,
Кырып жаны тынды деп.
Кырылат белек жок белек,
Бурутту тепсеп келбесек?
Кырылып бүтөт окшойбуз,
Багынып туруп бербесек.

———

КЭЭ БИР СӨЗДӨРГӨ ТҮШҮНҮК.

1. Калча—сүрдүү кишилерге айтылат.
2. Бадана—Илгери урушта кийүүчү кийим.
3. Кошун—Аскер маанисинде.
4. Калдай—калмакча уезддик начальник.
5. Оён — Эн кыйын баатыр,—Эл башчысы.
6. Мангуба—Кытайдагы жердин аты (эпос боюнча).
7. Аяр — Амалдуу киши.
8. Керк—Мүйүз мурундуу айбан—носорог (эпос боюнча).
9. Бурут—Калмактар кыргыздарды жана башка элди айтат.
10. Жайсан—Айыл башчысы, кичине төрө.
11. Чыйтай—Кытайдын уезддик, шаарындагы аскер башчысы, (командир).
12. Амбал—Монголчо амбань (округдук начальник).
13. Мүнду—Жүргүлө (калмакча).
14. Жабуу—Калмакча ураан.
15. Очогор—Конурбайдын мылтыгы.
16. Кайгуул—Байкоочу, чалгынчы (дозор).
17. Та!—Кытайча ур, чап деген сөз.
18. Какан—Кытай падышасы.
19. Айбалы—Коркунучтуу.
20. Камка—Кытайда жасалган жибек чапан (тон).
21. Макмал—Өзбекче баркыт.
22. Себил—Жасалга.
23. Соот—Баатырлар кийүүчү темир тон.
24. Жазайыл—Чон мылтык, замбирек.
25. Үпчүн—топчулама баатырлар кийүүчү темир тон.
26. Төнөлүк—Чылбырдын тогоосу.
27. Зая—Бекерге.
28. Бурган—Калмакча кудай деген сөз.
29. Күлүс—Күлчоронун эркелеткендеги аты.
30. Жаалы—Айбаты, сүрү.
31. Туулга—Баатырлар башына кийүүчү темир калпак,
32. Чымачын—Кытай эли деген сөз.
33. Арапчы—Алдамчы деген мааниде.
34. Келпин—Жердин аты.
35. Кожосан—Дин ишеничиндеги адамды колдой турган пери.
36. Кызыр—Дин ишеничинде адамды колдоп, бак, таалай берүүчү.
37. Кырк чилтен—Дин ишеничинде сүйгөн адамын колдоочулар.
38. Барандан—Французданалынган деген мааниде.
39. Атпай—Көпчүлүк—улуу деген мааниде, кыргыздын эски сөзү.
40. Доотай—Кытайча губернатор.
41. Дорго—Кытайча жасоол.
42. Эсенкан—Кытайдын падышасы (түп каны).
43. Мангүбө—Кытайдагы жердин аты.
44. Желдет—Киши өлтүрө тургандар, же кандын жигити.
45. Чилмерден—Барабандын бир түрү.
46. Чарайна—Баатырлар төштөрүнө тарта турган темир.
47. Отого—Кытай төрөлөрүнүн баштарына койгон төрөлүк белги таштары.
48. Динсе—Тинсе (кытай төрөлөрүнүн тебетейиндеги төрөлүк белгилери).

Жоопту редактор: *Токомбаев А.*

Теруугө 25/VIII-1942-ж. берилди. Басууга 10/XI-194
кол коюлду. Бир басма табакта 38048 тамга. Бардыгы
басма табак. 1,9 учёттук-басма табак. Д—12142
Заказ № 2915 Тиражы 3100.

Фрунзе, типолитография № 1.